Быйылкы жылдын апрелинде мурунку жылдын апрелине караганда азык-түлүк товарларын сатуу көлөмү 10,3 пайызга, азык-түлүк эмес товарларды сатуу көлөмү 9,9 пайызга өстү.

**27-таблица: 2013-ж. азык-түлүк жана азык-түлүк эмес товарлардын чекене соода жүгүртүүсү**

| | Азык-түлүк товарлары | | | Азык-түлүк эмес товарлар | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Млн. сом | мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | мурунку айга карата | Млн. сом | мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата | мурунку айга карата |
| | | пайыз менен | | | пайыз менен | |
| Январь | 6644,4 | 107,5 | 42,5 | 6084,4 | 106,4 | 42,7 |
| Февраль | 6831,8 | 106,7 | 102,3 | 6256,0 | 107,3 | 102,8 |
| Март | 7615,3 | 107,7 | 111,9 | 6973,3 | 107,3 | 111,1 |
| Апрель | 8287,4 | 110,3 | 109,2 | 7588,8 | 109,9 | 108,5 |

Өткөн жылдын январь-апрелине салыштырганда, тамактануу ишканаларынын жүгүртүүсүн кошкондо, чекене соода жүгүртүү көлөмүнүн жогорулашы адистештирилген соода уюмдарынын сатуу көлөмүнүн өсүүсү менен шартталды.

**28-таблица: 2013-ж. январь-апрелинде тамактануу ишканаларынын жүгүртүүсүн кошкондо, сатуунун бардык каналдары боюнча чекене соода жүгүртүү**

| | Млн. сом | Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата | Жыйынтыкка карата |
|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | |
| **Бардыгы** | **56281,4** | **108,1** | **100** |
| соода уюмдары | 26517,5 | 110,3 | 47,1 |
| буюм-терим, аралаш жана азык-түлүк базарлары | 29763,9 | 106,1 | 52,9 |

Ушул жылдын январь-апрелинде мейманканалар жана ресторандар көрсөткөн тейлөөлөрдүнүн көлөмүнүн өсүшү байкалды, мында жалпы көлөмдүн негизги үлүшүн (88 пайызынан көбүрөөгү) ресторан, бар, ашканалардын жана даяр тамак-ашты жеткирүү боюнча башка ишканалардын тейлөөлөрү түздү.

**29-таблица: Январь-апрелдеги мейманканалардын жана ресторандардын тейлөө көлөмү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| **Бардыгы** | **2921,2** | **3358,1** | **106,7** | **107,6** |
| Мейманканалардын тейлөөсү жана кыска мөөнөткө жашоо үчүн ылайыкталган башка жайлардын тейлөөлөрү | 373,0 | 393,7 | 110,6 | 103,0 |
| Ресторан, бар, ашканалардын тейлөөсү жана даяр тамак-ашты жеткирүү боюнча башка ишканалардын тейлөөлөрү | 2548,2 | 2964,4 | 106,1 | 108,3 |

2012-ж. январь-апрелине салыштырмалуу мейманканалар жана ресторандар көрсөткөн тейлөө көлөмүнүн өсүүсүн Нарын областынан башка (20 пайызга төмөн) рес-

публиканын бардык чөлкөмдөрү камсыз кылды. Мейманканалар жана ресторандар көрсөткөн тейлөөлөрдүн жалпы көлөмүнүн негизги үлүшү Бишкек шаарына туура келди (53 пайыздан ашыгы).

**30-таблица: Январь-апрелдеги аймак боюнча мейманканалардын жана ресторандардын тейлөө көлөмү**

| | Млн. сом | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| **Кыргыз Республикасы** | **2921,2** | **3358,1** | **106,7** | **107,6** |
| Баткен областы | 150,8 | 166,9 | 107,3 | 104,0 |
| Жалал-Абад областы | 216,1 | 267,2 | 111,4 | 113,6 |
| Ысык-Көл областы | 32,7 | 43,1 | 133,2 | 119,9 |
| Нарын областы | 10,7 | 9,8 | 91,8 | 80,0 |
| Ош областы | 232,3 | 263,4 | 106,8 | 103,4 |
| Талас областы | 56,4 | 63,1 | 106,7 | 104,9 |
| Чүй областы | 248,2 | 287,2 | 112,6 | 110,6 |
| Бишкек ш. | 1582,5 | 1785,3 | 105,9 | 106,6 |
| Ош ш. | 391,5 | 472,1 | 102,2 | 110,3 |

**Транспорт жана байланыш.** *Транспорттун бардык түрү менен* ташылган жүктүн көлөмү ү.ж. январь-апрелинде өткөн жылдын январь-апрелине салыштырганда 635,7 миң тоннага көбөйдү. Азыркы жылдын апрелинде мындай жүк ташуулардын көлөмү өткөн жылдын апрелине салыштырганда 176,2 миң тоннага же 6,2 пайызга өстү.

Жеке ишкерлер (жеке жактар) тарабынан аткарылган автомобиль транспорту менен жүк ташуу көлөмү 2012-ж. январь-апрелине салыштырганда 297 миң тоннага же 4,2 пайызга өстү.

**31-таблица: Январь-апрелде транспорттун бардык түрү менен жүк ташуу**

| | Миң тонна | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| **Бардыгы** | **11391,4** | **12027,1** | **101,9** | **105,6** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | 11389,7 | 12016,2 | 102,0 | 105,5 |
| Темир жол транспорту[1] | 235,9 | 391,9 | 82,2 | 1,7 эсе |
| Автомобиль транспорту | 11036,8 | 11517,0 | 102,5 | 104,4 |
| Түтүк өткөрүү транспорту | 117,0 | 107,3 | 105,0 | 91,7 |
| Суу транспорту[1] | 1,5 | 10,8 | 25,9 | 7,2 эсе |
| Аба транспорту | 0,2 | 0,1 | 66,7 | 50,0 |

[1] Жүктөрдү жөнөтүү учурунда.

Транспорттун бардык түрү менен жүк ташуу көлөмүнүн өсүшү республиканын бардык чөлкөмдөрүндө байкалды, жана жеке ишкерлер тарабынан аткарылган автомобиль транспорту менен жүк ташуунун өсүүсү менен камсыздалды. Мындай ташуулардын орчундуу өсүшү мурунку жылдын январь-апрелине салыштырмалуу Ысык-Көл (5,6 пайыз), Баткен (4,9 пайыз), Нарын (4,6 пайыз) областтарында жана Бишкек шаарында (9,7 пайыз) белгиленди.

**32-таблица: Январь-апрелде аймак боюнча транспорттун бардык түрү менен жүк ташуу**

| | Миң тонна | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| **Кыргыз Республикасы** | **11391,4** | **12027,1** | **101,9** | **105,6** |
| Баткен областы | 549,4 | 573,2 | 101,3 | 104,3 |
| Жалал-Абад областы | 990,1 | 995,2 | 101,3 | 100,5 |
| Ысык-Көл областы | 786,4 | 812,9 | 99,1 | 103,4 |
| Нарын областы | 323,6 | 337,7 | 103,8 | 104,4 |
| Ош областы | 933,0 | 944,8 | 100,3 | 101,3 |
| Талас областы | 244,5 | 246,9 | 101,0 | 101,0 |
| Чүй областы | 3617,2 | 3799,5 | 101,4 | 105,0 |
| Бишкек ш. | 3527,7 | 3891,0 | 103,5 | 110,3 |
| Ош ш. | 419,5 | 425,9 | 104,6 | 101,5 |

*Жүк ташуунун жүгүртүү* көлөмүнүн көбөйүшү, өткөн жылдын январь-апрелине салыштырмалуу 7,9 пайызга кыскарган түтүк өткөрүүчү жана 2,6 пайызга кыскарган аба транспортунан тышкары транспорттун бардык түрлөрүндө кыскарды. Азыркы жылдын апрелинде жүк ташуунун жүгүртүү көлөмү өткөн жылдын апрелине салыштырганда 32,4 млн. тонна-километрге же 19,8 пайызга өстү.

**33-таблица: Январь-апрелде транспорттун бардык түрү менен жүк ташуунун жүгүртүү көлөмү**

| | Млн. тонна-километр | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| **Бардыгы** | **738,6** | **772,8** | **111,9** | **104,6** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | 711,7 | 744,8 | 112,4 | 104,7 |
| Темир жол транспорту | 260,0 | 274,5 | 111,1 | 105,6 |
| Автомобиль транспорту | 369,1 | 394,2 | 102,6 | 106,8 |
| Түтүк өткөрүү транспорту | 82,6 | 76,1 | 2,1 эсе | 92,1 |
| Суу транспорту | 0,2 | 2,0 | 18,2 | 10 эсе |
| Аба транспорту | 26,7 | 26,0 | 104,3 | 97,4 |

*Жүргүнчүлөрдү ташуу* өткөн жылдын январь-апрелине салыштырганда 4,3 миллион адамга өстү.

Жеке ишкерлер (жеке жактар) тарабынан автобус жана такси аркылуу ташылган жүргүнчүлөрдүн саны 163,8 млн. адамды түздү жана 6,9 пайызга өстү.

**34-таблица: Январь-апрелде транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу**

| | Миң адам | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| **Бардыгы** | **185231,2** | **189503,4** | **102,9** | **102,3** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | 185005,5 | 189236,1 | 102,9 | 102,3 |
| Темир жол транспорту | 157,4 | 124,1 | 86,7 | 78,8 |
| Жүргүнчү жол транспорту | 184848,1 | 189112,0 | 102,9 | 102,3 |
| автобус | 172362,8 | 176870,7 | 103,2 | 102,6 |
| троллейбус | 7355,4 | 6607,5 | 97,3 | 89,8 |
| такси | 5129,9 | 5633,8 | 100,5 | 109,8 |
| Аба транспорту | 225,7 | 267,3 | 1,3 эсе | 118,4 |

Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу көлөмүнүн өсүүсү бардык жерлерде байкалды.

## 35-таблица: Январь-апрелде аймак боюнча транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу

| | Миң адам | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| **Кыргыз Республикасы** | **185231,2** | **189503,4** | **102,9** | **102,3** |
| Баткен областы | 3048,0 | 3147,4 | 103,0 | 103,3 |
| Жалал-Абад областы | 8173,8 | 8434,3 | 102,4 | 103,2 |
| Ысык-Көл областы | 9519,8 | 9627,0 | 100,2 | 101,1 |
| Нарын областы | 1635,8 | 1742,8 | 102,5 | 106,5 |
| Ош областы | 5318,7 | 5512,0 | 103,6 | 103,6 |
| Талас областы | 4720,2 | 4764,6 | 100,3 | 100,9 |
| Чүй областы | 36207,8 | 36757,4 | 102,6 | 101,5 |
| Бишкек ш. | 108707,5 | 111434,1 | 103,5 | 102,5 |
| Ош ш. | 7899,6 | 8083,8 | 101,9 | 102,3 |

Жалпы жонунан республика боюнча жеке ишкерлер тарабынан автобус менен ташылган жүргүнчүлөрдүн саны 2012-ж. январь-апрелине салыштырганда 6,8 пайызга өстү, ал эми атайылаштырылган автотранспорттук ишканаларда тескеринче, 1,3 эсе кыскарды.

## 36-таблица: Январь-апрелде аймак боюнча жүргүнчүлөрдү автобус аркылуу ташуу

| | Миң адам | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| **Кыргыз Республикасы** | **172362,8** | **176870,7** | **103,2** | **102,6** |
| Баткен областы | 2953,1 | 3045,4 | 102,9 | 103,1 |
| Жалал-Абад областы | 7825,0 | 8054,5 | 102,7 | 102,9 |
| Ысык-Көл областы | 9201,2 | 9236,1 | 100,6 | 100,4 |
| Нарын областы | 447,9 | 518,7 | 86,4 | 115,8 |
| Ош областы | 4978,5 | 5100,9 | 101,5 | 102,5 |
| Талас областы | 4685,3 | 4725,9 | 100,3 | 100,9 |
| Чүй областы | 35365,2 | 35915,5 | 103,4 | 101,6 |
| Бишкек ш. | 99672,6 | 102904,0 | 104,0 | 103,2 |
| Ош ш. | 7234,0 | 7369,7 | 100,0 | 101,9 |

*Транспорттун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүү* көлөмү ү.ж. январь-апрелинде 214,9 млн. жүргүнчү-километрге өстү. Үстүбүздөгү жылдын апрелинде өткөн жылдын апрелине салыштырмалуу жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүү көлөмү 52,2 млн. жүргүнчү-километрге, же 7,9 пайызга өстү.

## 37-таблица: Январь-апрелде транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүү көлөмү

| | Млн. жүргүнчү-километр | | Мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| **Бардыгы** | **2544,1** | **2759,0** | **106,0** | **108,4** |
| Жерде жүрүүчү транспорт | 2146,6 | 2234,8 | 102,6 | 104,1 |
| Темир жол транспорту | 21,3 | 17,1 | 85,5 | 80,3 |
| Жүргүнчү жол транспорту | 2125,3 | 2217,7 | 102,8 | 104,3 |
| автобус | 1983,3 | 2067,2 | 102,6 | 104,2 |
| троллейбус | 30,2 | 27,1 | 97,4 | 89,7 |
| такси | 111,8 | 123,4 | 107,8 | 110,4 |
| Аба транспорту | 397,5 | 524,2 | 1,3 эсе | 1,3 эсе |

Почта жана электр байланыш кызматынан *байланыш операторлоруна* түшкөн киреше ү.ж. январь-апрелинде 7296,1 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын январь-апрелинин деңгээлинен 994,6 млн. сомго, же 15,4 пайызга көп болду. Электр байланыш тейлөөлөрү 16,1 пайызга өсүп, жалпы көлөмдүн ичинен алардын үлүшү 97 пайыздан ашыгын түздү.

2013-ж. апрелинде байланыш тейлөөсүнүн көлөмү өткөн жылдын апрелинин деңгээлине салыштырмалуу 6,2 пайызга жогорулап, 1823,5 млн. сомду түздү.

**Эмгек акы жана эмгек рыногу.** 2013-ж. январь-мартында бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы (чакан ишканаларды эсептебегенде) 10619 сомду түзүп, 2012-ж. январь-мартына салыштырмалуу 4,8 пайызга өстү, ал эми керектөө бааларынын индекси эсепке алынып чыгарылган анын анык өлчөмү 2,7 пайызга төмөндөдү.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы аныктаган валюталардын расмий курсуна жараша, 2013-ж. январь-мартында бир кызматкердин орточо айлык эмгек акысы АКШнын 222,5 долларын түздү.

**38-таблица: 2013-ж. январь-мартындагы аймак боюнча орточо айлык номиналдык жана анык эмгек акы[1]**

| | Сом | Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | | Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата анык эмгек акы пайыз менен |
|---|---|---|---|---|
| | | 2012 | 2013 | |
| **Кыргыз Республикасы** | **10619** | **137,8** | **104,8** | **97,3** |
| Баткен областы | 8325 | 162,4 | 104,6 | 98,1 |
| Жалал-Абад областы | 9564 | 150,2 | 101,8 | 93,1 |
| Ысык-Көл областы | 7878 | 146,6 | 103,2 | 94,5 |
| Нарын областы | 10073 | 158,6 | 101,0 | 91,8 |
| Ош областы | 7533 | 182,1 | 101,6 | 93,8 |
| Талас областы | 8225 | 141,3 | 104,1 | 98,9 |
| Чүй областы | 9138 | 136,5 | 107,9 | 100,8 |
| Бишкек ш. | 14060 | 125,8 | 106,9 | 99,5 |
| Ош ш. | 9215 | 138,3 | 100,7 | 93,0 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде.

Үстүбүздөгү жылдын мартында өткөн жылдын мартына карата номиналдык жана анык эмгек акынын өсүү темпинин ылдыйлашы белгиленди.

**39-таблица: Марттагы орточо айлык номиналдык жана анык эмгек акы[1]**

| | Сом | Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата | Мурунку мезгилге карата | Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата анык эмгек акы пайыз менен |
|---|---|---|---|---|
| | | пайыз менен | | |
| **2012** | | | | |
| Январь | 9707 | 136,9 | 69,1 | 135,8 |
| Февраль | 9845 | 136,0 | 101,4 | 136,0 |
| Март | 10829 | 140,5 | 110,0 | 140,5 |
| I квартал | 10129 | 137,9 | 88,8 | 136,7 |
| **2013** | | | | |
| Январь | 10249 | 105,6 | 71,1 | 98,2 |
| Февраль | 10380 | 105,4 | 101,3 | 97,7 |
| Март | 11219 | 103,6 | 108,1 | 96,1 |
| I квартал | 10619 | 104,8 | 89,1 | 97,3 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде.

2013-ж. январь-мартында өткөн жылдын январь-мартына салыштырганда бүткүл республика боюнча бюджеттик чөйрөдө эмгек акынын бир аз өсүүсү белгиленген. Муну менен катар Жалал-Абад, Нарын, Ош, Талас областтарында жана Ош ш. анын төмөндөшү белгиленген.

**40-таблица: 2013-ж. январь-мартындагы аймак боюнча орточо айлык номиналдык эмгек акы[1]**

| | Сом | | | | Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | бюджеттик чөйрө | | бюджеттик эмес чөйрө | | | |
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 | бюджеттик чөйрө | бюджеттик эмес чөйрө |
| **Кыргыз Республикасы** | **8522** | **8574** | **13027** | **14237** | **100,6** | **109,3** |
| Баткен областы | 7421 | 7471 | 9838 | 11178 | 100,7 | 113,6 |
| Жалал-Абад областы | 7161 | 7069 | 14569 | 15463 | 98,7 | 106,1 |
| Ысык-Көл областы | 7303 | 7389 | 8453 | 9174 | 101,2 | 108,5 |
| Нарын областы | 9594 | 9456 | 12088 | 13362 | 98,6 | 110,5 |
| Ош областы | 7146 | 7074 | 9370 | 10618 | 99,0 | 113,3 |
| Талас областы | 7192 | 7128 | 11264 | 13433 | 99,1 | 119,3 |
| Чүй областы | 7905 | 8048 | 9283 | 10591 | 101,8 | 114,1 |
| Бишкек ш. | 11140 | 11441 | 14997 | 16403 | 102,7 | 109,4 |
| Ош ш. | 8125 | 8026 | 11435 | 11807 | 98,8 | 103,3 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде.

Экономикалык ишмердиктин көпчүлүк түрлөрүндө эсептелген орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин жайлашы байкалды, буга суу менен камсыздоо, тазалоо, таштандыларды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки зат алуу боюнча жана кыймылсыз мүлк операциялары чөйрөсүндөгү ишканалар менен уюмдар кирбейт.

**41-таблица: 2013-ж. январь-мартындагы экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча ишканалардын жана уюмдардын кызматкерлеринин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[1]**

| | Сом | | Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| **Бардыгы** | **10 129** | **10 619** | **137,8** | **104,8** |
| Айыл чарба, токой чарбасы жана балык уулоочулук | 4 796 | 5 173 | 105,9 | 107,9 |
| Пайдалуу кендерди казып алуу | 14 768 | 15 066 | 167,1 | 102,0 |
| Иштетүү өндүрүшү (иштетүү өнөр жайы) | 10 154 | 10 702 | 116,8 | 105,4 |
| Электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 14 464 | 16 770 | 120,1 | 115,9 |
| Суу менен камсыздоо, тазалоо, таштандыларды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки зат алуу | 8 080 | 9 315 | 106,6 | 115,3 |
| Курулуш | 8 839 | 9 443 | 113,2 | 106,8 |
| Дүң жана чекене соода, автомобиль жана мотоциклдерди ондоо | 11 407 | 13 281 | 121,1 | 116,4 |
| Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 13 044 | 14 780 | 116,7 | 113,3 |
| Мейманканалар менен ресторандардын ишмердиги | 9 389 | 9 405 | 107,2 | 100,2 |
| Маалымат жана байланыш | 18 939 | 19 382 | 123,4 | 102,3 |
| Финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу | 22 262 | 24 124 | 114,0 | 108,4 |
| Кыймылсыз мүлк операциялары | 7 178 | 8 587 | 104,1 | 119,6 |
| Кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик | 14 700 | 15 293 | 127,0 | 104,0 |
| Административдик жана көмөкчү ишмердик | 8 538 | 9 188 | 106,4 | 107,6 |
| Мамлекеттик башкаруу жана коргоо, милдеттүү социалдык камсыздандыруу | 10332 | 10701 | 112,8 | 103,6 |
| Билим берүү | 7847 | 7884 | 171,4 | 100,5 |

| | Сом | | Өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен | |
|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| Саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө | 9 404 | 9 349 | 223,0 | 99,4 |
| Искусство, көңүл ачуу жана эс алуу | 6 484 | 6 544 | 165,0 | 100,9 |
| Башка тейлөө ишмердиги | 8 554 | 8472 | 125,4 | 99,1 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде.

Мурунку жылдын тийиштүү күнүнө салыштырмалуу 2013-ж. 1-апрелине карата республика боюнча эмгек акы төлөөдөгү жалпы карыз 17,8 пайызга кыскарды.

Мөөнөтү өтүп кеткен эмгек акыны төлөөдөгү карыздардын жалпы суммасынын ичинен маанилүү үлүшүн Чүй областындагы (28,6 пайыз) жана Баткен областындагы (15,5 пайыз) ишканалар менен уюмдардын кызматкерлерине болгон карыздар түздү.

**42-таблица: 2013-ж. 1-апрелине карата аймак боюнча эмгек акыны төлөө боюнча жалпы карыз[1]**

| | Млн. сом | Мурунку жылдын | Мурунку айдын |
|---|---|---|---|
| | | тийиштүү күнүнө карата пайыз менен | |
| **Кыргыз Республикасы** | **253,7** | **82,2** | **87,0** |
| Баткен областы | 39,3 | 96,6 | 106,5 |
| Жалал-Абад областы | 29,3 | 49,8 | 63,8 |
| Ысык-Көл областы | 33,5 | 94,4 | 66,7 |
| Нарын областы | 17,1 | 131,0 | 69,9 |
| Ош областы (Ош ш. кошкондо) | 13,3 | 38,1 | 90,8 |
| Талас областы | 9,7 | 152,9 | 114,7 |
| Чүй областы | 72,7 | 98,9 | 99,8 |
| Бишкек ш. | 38,9 | 84,6 | 101,7 |

[1] Чакан ишканаларды эсептебегенде.

Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министрлигинин маалыматтары боюнча, 2013-ж. 1-майына карата жумуш издеп, мамлекеттик иш менен камсыз кылуу органдарында каттоодо турган жумушсуз калктын саны 97,5 миң адамды түздү жана 2012-ж. тийиштүү күнүнө салыштырганда 1,2 пайызга төмөндөдү, катталган жумушсуздардын саны болсо, турушуна жараша, 61,2 миң адам жана 2,2 пайызга ылдыйлады.

**43-таблица: 2013-ж. 1-майына карата мамлекеттик иш менен камсыз кылуу органдарында катталган жумушсуздардын саны**

| | Бардыгы, адам | Мурунку жылдын | Мурунку айдын |
|---|---|---|---|
| | | тийиштүү күнүнө карата пайыз менен | |
| **Кыргыз Республикасы** | **61245** | **97,8** | **99,7** |
| Баткен областы | 6049 | 106,4 | 100,9 |
| Жалал-Абад областы | 12799 | 103,6 | 100,8 |
| Ысык-Көл областы | 4153 | 87,4 | 100,9 |
| Нарын областы | 6648 | 100,6 | 100,0 |
| Ош областы | 12270 | 93,0 | 100,5 |
| Талас областы | 2260 | 96,0 | 102,2 |
| Чүй областы | 6134 | 101,7 | 101,2 |
| Бишкек ш. | 8522 | 92,0 | 93,9 |
| Ош ш. | 2410 | 100,3 | 99,2 |

Ушул жылдын январь-апрелинде мамлекеттик калкты иш менен камсыз кылуу органдарында 13,2 миң адам жумушсуз катары катталды. Катталган жумушсуздуктун деңгээли экономикалык активдүү калкка карата 2,5 пайызды түздү. Катталган жумушсуздардын жалпы санынын 51,2 пайызын аялдар түздү. Ишканалар талап кылган бош болгон бир жумушчу ордуна орточо эсеп менен 9 жумушсуз адам туура келди.

**Баалардын жана тарифтердин индекси.** Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү *керектөө бааларынын индекси* ү.ж. апрелинде 2013-ж. мартына салыштырмалуу 99,9 пайызды түздү.

Ушул жылдын апрелинде мурунку айга салыштырмалуу *тамак-аш азыктары менен алкоголсуз суусундуктардын* баасы 0,4 пайызга төмөн болду. Баалардын куйма сүткө 4,3 пайызга, жумурткага 3,3 пайызга, жаңы бышкан жашылчаларга 3,3 пайызга (анын ичинен бадыраңга 21,7 пайызга, түрпкө жана редискага 15,7 пайызга, тамактык чөптөргө 10,1 пайызга), малдын майларына 1,7 пайызга, биринчи сорттогу унга 1,2 пайызга, нанга 0,4 пайызга эң көп төмөндөшү байкалды.

Муну менен катар ү.ж. апрелинде керектөө бааларынын жемиштерге 2,3 пайызга, койдун этине 1,3 пайызга жана уйдун этине 0,6 пайызга кыйла жогорулашы белгиленди.

**47-таблица: Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(мурунку айга карата пайыз менен)*

| | Буудай уну | | Нан | Тандыр нан | Уйдун эти | Койдун эти | Куюп сатылуучу сүт | Жумуртка | Кумшекер | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жогорку сорт | биринчи сорт | | | | | | | | |
| Январь | 100,2 | 99,8 | 100,0 | 100,0 | 99,6 | 99,9 | 99,7 | 104,8 | 99,2 | 100,1 |
| Февраль | 100,1 | 100,5 | 100,0 | 100,0 | 99,8 | 100,3 | 98,4 | 99,1 | 99,6 | 99,6 |
| Март | 100,0 | 100,0 | 99,9 | 100,0 | 99,9 | 101,2 | 99,6 | 95,4 | 98,8 | 99,7 |
| I квартал[1] | 100,3 | 100,3 | 99,9 | 100,0 | 99,3 | 101,4 | 97,7 | 99,0 | 97,6 | 99,4 |
| Апрель | 99,5 | 98,8 | 99,6 | 99,6 | 100,6 | 101,3 | 95,7 | 96,7 | 100,3 | 98,4 |

[1] Кварталдын үч айы үчүн өсүү жыйынтыгы менен.

Ушул жылдын апрелинде мурунку айга салыштырмалуу жаңы бышкан жемиштердин баасы 2,5 пайызга өскөн (муну менен эле катар алма 13 пайызга кымбаттаган), ошол эле учурда, жаңы бышкан жашылчалардын баалары тескерисинче 3,3 пайызга төмөндөгөн.

**48-таблица: Жашылча-жемиш продукциясынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(мурунку айга карата пайыз менен)*

| | Сабиз | Пияз | Капуста | Кызылча | Бадыраң | Помидор | Алма | Картошка |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Январь | 106,0 | 111,1 | 103,5 | 116,3 | 144,7 | 134,1 | 105,1 | 102,1 |
| Февраль | 98,9 | 100,1 | 98,1 | 103,8 | 108,6 | 108,2 | 101,4 | 95,4 |
| Март | 93,1 | 95,5 | 91,8 | 100,6 | 113,3 | 90,1 | 108,7 | 93,7 |
| I квартал[1] | 97,6 | 106,2 | 93,2 | 121,5 | 1,8 эсе | 130,6 | 115,8 | 91,3 |
| Апрель | 100,6 | 98,5 | 92,1 | 99,3 | 78,3 | 102,7 | 113,0 | 101,9 |

[1] Кварталдын үч айы үчүн өсүү жыйынтыгы менен

Ү.ж. январь-апрелинде тамак-аш азыктарына жана алкоголсуз суусундуктарга баалар 0,6 пайызга өстү. Анын ичинен жаңы бышкан жашылчаларга 8,4 пайызга, алкоголсуз суусундуктарга 6,1 пайызга, жаңы бышкан жемиштерге 5,2 пайызга, күрүчкө 2,2 пайызга, макарон азыктарына 1,2 пайызга, колбаса жана консервацияланган эт азыктарына 1 пайызга баалардын өсүшү катталды.

Муну менен бирге баалардын жумурткага 4,2 пайызга, сүткө жана сүт азыктарына 3,0 пайызга, кумшекерге 2,1 пайызга, акшакка 1,1 пайызга, майларга жана тоң майларына 0,9 пайызга жана унга 0,6 пайызга төмөндөшү белгиленди.

**49-таблица: Азык-түлүк товарларынын айрым топторунун бааларынын индекси**

*(пайыз менен)*

| | 2013 апрели | | | 2013 январь-апрели |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 мартына карата | 2012 декабрына карата | 2012 апрелине карата | 2012 январь-апрелине карата |
| Нан азыктары жана акшак | 99,4 | 99,9 | 113,8 | 113,0 |
| Эт | 100,6 | 100,6 | 99,6 | 97,9 |
| Балык | 100,0 | 100,2 | 113,7 | 116,1 |
| Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | 97,7 | 97,0 | 106,0 | 106,1 |

| | 2013 апрели | | | 2013 январь-апрели |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 мартына карата | 2012 декабрына карата | 2012 апрелине карата | 2012 январь-апрелине карата |
| Май жана тоң май | 99,4 | 99,1 | 100,2 | 99,7 |
| Мөмө-жемиш жана жашылча | 99,1 | 104,1 | 115,1 | 113,1 |
| Кант, джем, бал, шоколад жана момпосуйлар | 100,3 | 99,4 | 98,1 | 97,8 |
| Башка тамак-аш азыктары | 100,0 | 100,8 | 105,1 | 104,6 |
| Алкоголсуз суусундуктар | 100,2 | 106,1 | 109,1 | 108,3 |
| Алкоголдук ичимдиктер | 100,1 | 102,7 | 112,8 | 113,1 |
| Тамеки | 100,9 | 103,0 | 107,6 | 106,8 |

Ү.ж. апрель айында мурунку айга салыштырмалуу эт, картошка менен дизель майынын орточо керектөө бааларынын өскөнү белгиленди.

**50-таблица: Айрым өкүл-товарлардын орточо баасы**
*(бир килограмм, литр үчүн сом менен)*

| | Буудай уну | | Нан | Тандыр нан | Койдун эти | Уйдун эти | Картошка | А-80-бензини | Дизель майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жогорку сорт | биринчи сорт | | | | | | | |
| Январь | 37,10 | 30,83 | 42,82 | 51,86 | 283,65 | 291,22 | 24,33 | 32,48 | 40,14 |
| Февраль | 37,15 | 30,98 | 42,80 | 51,86 | 284,64 | 290,65 | 23,33 | 32,24 | 40,04 |
| Март | 37,17 | 30,92 | 42,77 | 52,20 | 287,96 | 290,25 | 21,88 | 32,10 | 40,02 |
| Апрель | 36,97 | 30,55 | 42,60 | 52,30 | 291,72 | 292,07 | 22,15 | 31,54 | 40,10 |

Ушул жылдын апрелинде мурунку айга салыштырмалуу азык-түлүк эмес товарларга баалар 0,2 пайызга көтөрүлдү. Баанын көтөрүлүшү аялдардын бут кийими жана килем менен полго салынуучуларга 1,8 пайызга, турмуш-тиричилик текстиль буюмдарына 1,3 пайызга, турак жайларды күтүү жана ондоо үчүн материалдарга 1,3 пайызга, анын ичинен кирпичке 4,6 пайызга, курулуш кумга 1,1 пайызга, туш кагаздарына жана цементке 0,9 жана 0,8 пайызга, турушуна жараша, баалардын жогорулаганы байкалды.

Жылдын башынан бери азык-түлүк эмес товарларга баалар 0,9 пайызга өстү. Муну менен бирге көмүрдөн (8,3 пайызга арзандаган) жана бензинден (3,2 пайызга арзандаган) сырткары бардык азык-түлүк эмес товарлардын түрлөрүндө баалардын өсүшү катталды.

**51-таблица: Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси**
*(пайыз менен)*

| | 2013 апрели | | | 2013 январь-апрели |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 мартына карата | 2012 декабрына карата | 2012 апрелине карата | 2012 январь-апрелине карата |
| Кийим | 100,4 | 102,5 | 113,6 | 113,8 |
| анын ичинен: | | | | |
| кийим тигүү үчүн материалдар | 100,5 | 103,0 | 109,5 | 109,0 |
| Бут кийим | 101,3 | 104,5 | 110,7 | 115,0 |
| Турак жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 101,3 | 104,1 | 105,7 | 108,1 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 100,0 | 105,7 | 112,7 | 109,6 |
| Электр энергиясы | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Газ | 100,6 | 101,0 | 102,7 | 102,3 |
| Катуу отун (көмүр жана жыгач отундар) | 98,9 | 91,9 | 103,3 | 101,4 |
| Бензин | 98,8 | 96,8 | 101,1 | 102,0 |
| Дизель майы | 100,2 | 100,1 | 101,7 | 105,4 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 100,5 | 102,7 | 108,9 | 109,2 |
| Фармацевтика продукциясы | 100,4 | 101,7 | 101,7 | 101,7 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 100,1 | 101,9 | 109,8 | 112,0 |

Калкка көрсөтүлгөн *тейлөөлөрдүн* баалары жана тарифтери ү.ж. апрелинде март айына салыштырмалуу 0,2 пайызга жогору болду. Турак жайларды күнүмдүк күтүү жана ондоо үчүн тейлөөлөрүнө 3,9 пайызга, амбулатордук тейлөөлөрдү көрсөтүүгө 1,5 пайызга баалардын эң чоң өсүшү байкалды.

Ушул жылдын башынан бери тейлөөлөргө болгон тарифтер 1,6 пайызга өстү. Жүргүнчү аба транспорт тейлөөлөрүнөн башка, калкка көрсөтүлгөн тейлөөлөрдүн бардык түрлөрүндө баалардын жана тарифтердин өсүшү сакталды.

**52-таблица: Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси**
*(пайыз менен)*

| | 2013 апрель | | | 2013 январь-апрели |
|---|---|---|---|---|
| | 2013 мартына карата | 2012 декабрына карата | 2012 апрелине карата | 2012 январь-апрелине карата |
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | 100,0 | 101,5 | 113,4 | 113,7 |
| Байланыш тейлөөсү | 100,0 | 100,9 | 101,1 | 100,7 |
| Маданий иш-чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 99,8 | 108,8 | 127,0 | 125,0 |
| Билим берүү тейлөөсү | 100,0 | 100,3 | 108,4 | 108,5 |
| Амбулатордук тейлөөлөр | 101,5 | 107,9 | 119,0 | 118,9 |
| Мейманкана жана ресторандардын тейлөөлөрү | 100,4 | 102,0 | 111,1 | 111,6 |
| Чачтарач тейлөөсү | 100,0 | 100,0 | 107,3 | 109,0 |
| Турак жайларды күнүмдүк күтүү жана ондоо үчүн тейлөөлөр | 103,9 | 104,6 | 121,6 | 126,1 |

Жыл башынан бери керектөө бааларынын жана тарифтеринин өсүүсү республиканын бардык аймактарында байкалды, кыйла өсүү Ош областында (2,3 пайызга) болду.

**53-таблица: 2013-ж. апрелинде аймак боюнча товарлардын жана тейлөөлөрдүн керектөө бааларынын жана тарифтеринин индекси**
*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*

| | Бардык товарлар жана тейлөөлөр | Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар | Алкоголдук ичимдиктер жана тамеки | Азык-түлүк эмес товарлар | Тейлөөлөр |
|---|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **101,0** | **100,6** | **102,8** | **100,9** | **101,6** |
| Баткен областы | 100,6 | 101,5 | 104,5 | 96,8 | 102,8 |
| Жалал-Абад областы | 100,9 | 100,5 | 104,1 | 99,8 | 102,6 |
| Ысык-Көл областы | 100,6 | 99,1 | 100,6 | 102,8 | 101,0 |
| Нарын областы | 101,6 | 100,8 | 103,2 | 101,4 | 103,7 |
| Ош областы | 102,3 | 102,6 | 102,8 | 101,7 | 102,5 |
| Талас областы | 101,2 | 100,5 | 102,3 | 101,8 | 101,1 |
| Чүй областы | 101,3 | 100,0 | 101,2 | 102,6 | 102,8 |
| Бишкек ш. | 100,8 | 100,3 | 102,8 | 100,8 | 101,0 |

**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.** 2013-ж. январь-апрелинде өткөн жылдын январь-апрелине караганда сатып өткөрүлгөн *айыл чарба продукциясын* өндүрүүчүлөрдүн баасы 8,9 пайызга өстү.

## 3-график: Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## 4-график: Өнөр жай продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси

*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*



**54-таблица: Айыл чарба продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси**
*(пайыз менен)*

| | Бардыгы | | анын ичинде | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | өсүмдүк өстүрүүчүлүк продукциясы | | мал чарбапродукциясы | |
| | мурунку мезгилге карата | мурунку жылдын декабрына карата | мурункумезгилге карата | мурунку жылдын декабрына карата | мурункумезгилге карата | мурунку жылдын декабрына карата |
| Январь | 104,7 | 104,7 | 105,7 | 105,7 | 103,8 | 103,8 |
| Февраль | 99,9 | 104,6 | 99,7 | 105,3 | 100,1 | 103,9 |
| Март | 102,8 | 107,5 | 106,5 | 112,2 | 99,4 | 103,4 |
| Апрель | 99,1 | 106,5 | 98,8 | 110,9 | 99,3 | 102,7 |

2012-ж. январь-апрелине караганда жумуртканын баасы 16,9 пайызга жана чийки сүттүн баасы 10,3 пайызга кыйла жогорулады, ал эми тескерисинче, эттин баасынын (тирүүлөй салмакта) 6,3 пайызга төмөндөшү байкалды.

**55-таблица: Айыл чарба продукциясынын айрым түрлөрүн өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси**
*(пайыз менен)*

| | Дан бардыгы | Буудай | Жашылча | Картошка | Эт (тирүүлөй салмакта) | Чийки сүт | Жумуртка |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | *Мурунку айга карата* | | | | |
| Январь | 107,1 | 103,5 | 110,3 | 100,7 | 101,4 | 109,6 | 106,7 |
| Февраль | 101,7 | 104,3 | 93,6 | 102,7 | 100,8 | 99,4 | 89,8 |
| Март | 109,2 | 109,1 | 108,1 | 102,8 | 98,0 | 101,7 | 111,3 |
| Апрель | 99,8 | 98,8 | 103,7 | 93,4 | 102,5 | 91,7 | 106,0 |
| | | | *Мурункужылдын тийиштүү мезгилине карата* | | | | |
| Январь | 131,2 | 146,7 | 109,8 | 147,4 | 96,0 | 111,2 | 122,9 |
| Февраль | 131,2 | 150,0 | 112,1 | 205,6 | 95,7 | 107,2 | 112,1 |
| Январь-февраль | 131,2 | 148,4 | 110,9 | 172,1 | 95,9 | 109,2 | 117,6 |
| Март | 138,5 | 162,2 | 118,9 | 183,2 | 92,2 | 113,2 | 116,2 |
| Январь-март | 133,7 | 153,1 | 113,5 | 175,7 | 94,6 | 110,5 | 117,1 |
| Апрель | 126,9 | 146,6 | 129,1 | 181,2 | 91,1 | 109,5 | 116,4 |
| Январь-апрель | 131,9 | 151,3 | 117,2 | 177,0 | 93,7 | 110,3 | 116,9 |

Быйылкы жылдын апрелинде *өнөр жай товарларын жана тейлөөлөрүн өндүрүүчүлөрдүн* бааларынын индекси мурунку айга салыштырмалуу 100,3 пайызды түздү.

Тоо кен казуу өнөр жайында өткөн айда чийки мунайзаттын баасынын түшүшү (19,9 пайызга) жалпы баалардын индексине таасирин тийгизди.

Иштетүү өнөр жай өндүрүүчүлөрүнүн бааларынын индекси ү.ж. апрелинде 100,6 пайызды түздү. Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын кыйла өсүүсү мурунку айга салыштырмалуу кагаз массасын, кагазды, картон жана андан жасалган нерселерди өндүрүүдө (11,0 пайызга) жана даяр металл буюмдарын өндүрүүдө (4,3 пайызга) белгиленди.

Муну менен бирге, ун-акшак өнөр жай продуктуларына баалар 2,6 пайызга жана текстиль менен тигүү өнөр жайынын продукциясына 0,6 пайызга төмөндөгөнү белгиленди. Ү.ж. апрелинде электр энергиясын, газ менен сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү өндүрүшүндө баалардын бир аз (0,1 пайызга) түшүшү байкалды.

**56-таблица: Өнөр жай товарларын жана тейлөөлөрүн өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси**
*(пайыз менен)*

| | Тоо кен казуу өнөр жайы | Иштетүү өнөр жайы | Электр энергиясын, газ менен сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү |
|---|---|---|---|
| | | *Мурунку айга карата* | |
| Январь | 100,9 | 98,7 | 108,5 |
| Февраль | 119,1 | 101,8 | 100,1 |
| Март | 95,5 | 96,4 | 99,9 |
| Апрель | 93,4 | 100,6 | 99,9 |

| | Тоо кен казуу өнөр жайы | Иштетүү өнөр жайы | Электр энергиясын, газ менен сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү |
|---|---|---|---|
| | | *Мурунку жылдын декабрына карата* | |
| Январь | 100,9 | 98,7 | 108,5 |
| Февраль | 120,2 | 100,5 | 108,7 |
| Март | 114,7 | 96,8 | 108,5 |
| Апрель | 107,1 | 97,4 | 108,4 |

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери өнөр жай товарларын жана тейлөөлөрүн өндүрүүчүлөрдүн баалары жалпысынан 1 пайызга түштү. Муну менен иштетүү өнөр жай ишканаларында алар 2,6 пайызга төмөндөп, тоо кен казуу өнөр жай өндүрүшүндө баалар, тескерисинче 7,1 пайызга, электр энергиясын, газ менен сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү өндүрүшүндө баалар 8,4 пайызга көтөрүлдү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-апрелинде 2012-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу өнөр жай товарларын жана тейлөөлөрүн өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 103,1 пайызды түздү. Тоо кен казуу өнөр жайында өндүрүүчүлөрдүн бааларынын 13,2 пайызга жана кайра иштетүү өнөр жайында 3,8 пайызга өсүшү менен катар, электр энергиясын, газ менен сууну өндүрүү жана бөлүштүрүүдө 1,4 пайызга баалардын түшүшү белгиленди.

**57-таблица: Январь-апрелинде өнөр жай продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*

| | 2012 | 2013 |
|---|---|---|
| **Бардыгы** | **110,9** | **103,1** |
| **Тоо кен өнөр жайы** | **125,8** | **113,2** |
| Пайдалуу отун-энергетикалык кендерди казуу | 131,1 | 123,8 |
| Көмүр, лигнит жана торф казуу | 135,9 | 108,5 |
| Чийки мунайзатты жана жаратылыш газын казуу | 128,9 | 132,4 |
| Пайдалуу кендерди казуу, отун-энергетикалык кендерден башка | 109,8 | 92,6 |
| **Иштетүү өнөр жайы** | **111,5** | **103,8** |
| Тамак-аш азыктарын жана тамекини өндүрүү, суусундуктар кошо | 91,3 | 122,0 |
| Текстиль жана тигүү өнөр жайы | 104,5 | 96,8 |
| Булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 94,2 | 99,9 |
| Целлюлоза кагаз өндүрүшү, басма ишмердиги | 103,6 | 102,3 |
| Мунайзат продуктулар өндүрүшү | 125,1 | 101,3 |
| Химия өнөр жайы | 149,2 | 131,7 |
| Резина жана пластмасса буюмдарынын өндүрүшү | 97,1 | 98,2 |
| Башка металл эмес минералдык продуктулардын өндүрүшү | 106,2 | 109,2 |
| Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 120,1 | 112,7 |
| Машина жана жабдуулар өндүрүшү | 105,4 | 101,5 |
| Электр жабдуулары, электрондук жана оптикалык жабдуулар өндүрүшү | 103,9 | 100,2 |
| **Электр энергиясын, газ менен сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү** | **104,9** | **98,6** |

Ү.ж. апрелинде дизель майына болгон өндүрүүчүлөрдүн орточо баасынын жогорулашы белгиленди, ошол эле учурда биринчи сорттогу ундун, нан жана көмүрдүн баалары тескерисинче төмөндөдү.

**58-таблица: Өнөр жай продукциясынын айрым түрлөрүн өндүрүүчүлөрдүн орточо баалары**
*(килограмм, тонна, литр, кВт саат үчүн сом менен)*

| | Буудай уну | | Нан | Уйдун эти | Көмүр | Бензин | Дизель майы | Электр энергиясы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | жогорку сорт | биринчи сорт | | | | | | |
| Январь | 24,80 | 24,23 | 32,97 | 240,00 | 1013,23 | 24,12 | 32,46 | 1,12 |
| Февраль | 25,06 | 23,63 | 32,97 | 240,00 | 1013,23 | 24,12 | 32,46 | 1,12 |
| Март | 25,06 | 22,96 | 32,97 | 250,00 | 994,05 | 24,12 | 31,36 | 1,12 |
| Апрель | 25,06 | 22,36 | 32,95 | 250,00 | 925,71 | 24,12 | 33,57 | 1,12 |

Мурунку айга караганда ү.ж. апрелинде ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга көрсөтүлгөн *байланыш тейлөөлөрүнүн* тарифтери 0,1 пайызга өстү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-апрелинде 2012-ж. тийиштүү мезгилине салыштырганда почта жана электр байланыш тейлөө тарифтеринин (0,5 пайызга) ылдыйлаганы белгиленди, муну менен почта байланышынын тарифтери 0,7 пайызга, электр байланышынын тарифи 0,5 пайызга түштү.

**59-таблица: Январь-апрелде ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга көрсөтүлгөн байланыш тейлөөлөрүнүн тарифтеринин индекси**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*

| | 2012 | 2013 |
|---|---|---|
| **Бардыгы** | **99,8** | **99,5** |
| Почта жана чабарман тейлөөсү | 96,7 | 99,3 |
| Электр байланыш тейлөөлөрү | 100,0 | 99,5 |

2013-ж. I кварталында 2012-ж. тийиштүү мезгилине карата *курулуш продукцияларынын бааларынын* жыйынтыктоо индекси 103,4 пайызды, анын ичинен келишүү боюнча иштер - 103,4 пайызды түздү.

## Мамлекеттик сектор

### Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыначылыгынын маалыматтары боюнча ү.ж. I кварталында *мамлекеттик бюджеттин акча каражаттарынын профицити* 3057,6 млн. сомго аткарылды же ИДПга карата 5,2 пайызды түздү.

Ушул жылдын башынан бери *мамлекеттик бюджетинин кирешесине* (финансылык эмес активдерди сатуудан алынган каражаттарды кошкондо) түшүүлөр 21514,1 млн. сомго жетти (ИДПга карата 36,5 пайыз) жана өткөн жылдын I кварталына салыштырганда 23,6 пайызга же 4109,9 млн. сомго өстү[1].

**60-таблица: Мамлекеттик бюджеттин аткарылышы**
*(млн. сом)*

| | Киреше | | Чыгым | | Акча каражаттарынын тартыштыгы (-), профицити | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| Январь | 4960,5 | 7793,1 | 3633,2 | 3837,4 | 1327,3 | 3955,7 |
| Январь-февраль | 11269,2 | 14945,2 | 10568,1 | 10603,7 | 701,1 | 4341,5 |
| Январь-март | 17404,2 | 21514,1 | 18350,9 | 18456,5 | -946,7 | 3057,6 |

[1] Бул жерде жана мындан ары - мамлекеттик бюджет, буга мамлекеттик башкаруунун ар кайсы денгээлдеринин ортосундагы өз ара эсептөөлөр кошулбайт.

Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүндө салык кирешелери (71,5 пайыз) жана салык эмес кирешелер басымдуулук кылды (15,5 пайыз). Алынган расмий трансферттердин үлүшүнө 12,9 пайызы, финансылык эмес активдерди сатуудан алынган түшүүлөрдүн үлүшүнө 0,1 пайызы туура келди.

Салыктык кирешелердин көлөмү 15377,7 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын I кварталына карата 11,6 пайызга көп болду, алардын ичинен 8620,1 млн. сомун же 56,1 пайызын ички салыктар, 6757,6 млн. сомун (43,9 пайызды) тышкы экономикалык ишмердиктен түшкөн салыктар түздү. Бирок салыктык төлөөлөрдүн үлүшү жалпы киреше көлөмүндө 7,7 пайыздык пунктка азайды.

Салыктык түшүүлөрдүн маанилүү бөлүгү негизги салыктарга – Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинген товарлардын кошумча нарк салыгына (4080,5 млн. сому же 26,5 пайызы) жана эл аралык соода жана операцияларга болгон салыкка (2174,5 млн. сому же 14,1 пайызы) таандык. Мындан тышкары пайда салыгынан 1477,8 млн. сом түштү (түшкөн салыктардын бүт суммасынын 9,6 пайызы), 1419,8 млн. (9,2 пайызы) - киреше салыгынан, 1264 млн. (8,2 пайызы) - сатуудан түшкөн салыктан, 955 млн. (6,2 пайызы) - "Кумтөр" кен казуу ишканаларынан түшкөн дүң киреше салыгынан, 715,6 млн. сом (4,7 пайызы) акциздик салыктан түштү.

Ушул жылдын I кварталында 3338,6 млн. сом салык эмес төлөөлөр алынды, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине карата 24,5 пайызга көп, жалпы киреше көлөмүндө алардын үлүшү бир аз эле өстү (0,1 пайыздык пунктка). Салык эмес төлөөлөрдүн негизги көлөмүнүн 1985,9 млн. сомун же 59,5 пайызын административдик жыйымдар, төлөмдөр жана мамлекеттик тейлөөлөр түздү.

Ушул эле мезгилде алынган расмий трансферттердин көлөмү 3,2 эсе көп болуп, 2775 млн. сомго жетти, ал эми жалпы кирешедеги үлүшү 8 пайыздык пунктка өстү.

Ушул жылдын башынан бери финансылык эмес активдерди сатуудан алынган каражаттар 22,8 млн. сомго түштү, бул өткөн жылдын I кварталына карата бир кыйла аз (73,7 пайызга), ал эми жалпы кирешедеги алардын үлүшү 0,4 пайыздык пунктка кыскарды.

**61 -таблица: Январь-марттагы мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин түзүмү**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата (пайыз менен) | | ИДПга карата (пайыз менен) | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| **Киреше** | **17404,2** | **21514,1** | **100** | **100** | **32,9** | **36,5** |
| **Операциялык ишмердиктен түшкөн киреше** | **17317,4** | **21491,3** | **99,5** | **99,9** | **32,7** | **36,4** |
| **Салыктык кирешелер** | **13777,9** | **15377,7** | **79,2** | **71,5** | **26,0** | **26,1** |
| Киреше жана пайда салыгы | 4734,2 | 4459,2 | 27,2 | 20,7 | 8,9 | 7,6 |
| жеке адамдар-Кыргыз Республикасынын резиденттери төлөгөн киреше салыгы | 1295,8 | 1419,8 | 7,4 | 6,6 | 2,4 | 2,4 |
| адамдар - Кыргыз Республикасынын резиденттери эместер төлөгөн киреше салыгы | 149,8 | 184,9 | 0,9 | 0,9 | 0,3 | 0,3 |
| пайда салыгы | 1724,0 | 1477,8 | 9,9 | 6,9 | 3,3 | 2,5 |
| бирдиктүү салык боюнча түшүүлөр | 40,9 | 36,5 | 0,2 | 0,2 | 0,1 | 0,1 |
| патенттин негизиндеги салык | 304,8 | 385,3 | 1,8 | 1,8 | 0,6 | 0,7 |
| «Кумтөр» кен казуу ишканаларынын дүң кирешесинин салыгы | 947,7 | 955,0 | 5,4 | 4,4 | 1,8 | 1,6 |
| Менчиктен түшкөн салык | 354,9 | 433,0 | 2,0 | 2,0 | 0,7 | 0,7 |
| мүлк салыгы | 180,0 | 231,6 | 1,0 | 1,1 | 0,3 | 0,4 |
| жер салыгы | 174,9 | 201,4 | 1,0 | 0,9 | 0,3 | 0,3 |
| Товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы | 6715,2 | 8250,4 | 38,6 | 38,3 | 12,7 | 14,0 |
| кошумча нарк салыгы | 5063,5 | 5888,2 | 29,1 | 27,4 | 9,6 | 10,0 |

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата | | ИДПга карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | пайыз менен | | | |
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн товарлар менен тейлөөлөрдүн КНС | 1472,1 | 1807,7 | 8,5 | 8,4 | 2,8 | 3,1 |
| Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинген товарлардын КНС | 3591,4 | 4080,5 | 20,6 | 19,0 | 6,8 | 6,9 |
| сатуудан түшкөн салык | 1044,4 | 1264,0 | 6,0 | 5,9 | 2,0 | 2,1 |
| автомобиль жолдорун пайдалануудан түшкөн салык | 0,3 | 6,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| өзгөчө кырдаалды алдын алуу жана жоюу үчүн чегерүүлөр | -0,3 | 1,1 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| акциздик салык | 531,2 | 715,6 | 3,1 | 3,3 | 1,0 | 1,2 |
| Кыргыз Республикасынын аймагында өндүрүлгөн товарлардын акциздик салыгы | 136,6 | 212,9 | 0,8 | 1,0 | 0,3 | 0,4 |
| Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинген товарлардын акциздик салыгы | 394,6 | 502,7 | 2,3 | 2,3 | 0,7 | 0,9 |
| жер астындагы кендерди пайдалануудан түшкөн салык | 76,1 | 375,4 | 0,4 | 1,7 | 0,1 | 0,6 |
| Эл аралык соодадан жана операциялардан түшкөн салык | 1973,8 | 2174,5 | 11,3 | 10,1 | 3,7 | 3,7 |
| Башка салыктар жана жыйымдар | -0,2 | 60,7 | 0,0 | 0,3 | 0,0 | 0,1 |
| **Алынган расмий трансферттер** | **858,0** | **2775,0** | **4,9** | **12,9** | **1,6** | **4,7** |
| **Салыктан тышкаркы киреше** | **2681,5** | **3338,6** | **15,4** | **15,5** | **5,1** | **5,7** |
| Менчиктен түшкөн киреше жана пайыздар | 972,7 | 1028,4 | 5,6 | 4,8 | 1,8 | 1,7 |
| Административлык жыйымдар, төлөөлөр жана мамлекеттик тейлөө | 1449,8 | 1985,9 | 8,3 | 9,2 | 2,7 | 3,4 |
| административлык жыйымдар жана төлөөлөр | 277,6 | 321,3 | 1,6 | 1,5 | 0,5 | 0,5 |
| акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн түшүүлөр | 1172,2 | 1664,6 | 6,7 | 7,7 | 2,2 | 2,8 |
| **Финансылык эмес активдерди сатуудан түшкөн киреше** | **86,8** | **22,8** | **0,5** | **0,1** | **0,2** | **0,0** |

Үстүбүздөгү жылдын I кварталында *мамлекеттик бюджеттин чыгымдары* (финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгымдарды кошкондо) 18456,5 млн. сомду же ИДПга карата 31,3 пайызды түздү жана өткөн жылдын I кварталына салыштырганда бир аз эле өстү (0,6 пайыздык пунктка же 105,6 млн. сомго).

Операциялык чыгымдарды өткөрүүгө кеткен каражаттардын басымдуу бөлүгү социалдык-маданий чөйрөгө (66,5 пайызы же 11938,3 млн. сому) жана жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтарга, коргоо, коомдук тартип жана коопсуздукка (24,5 пайызы же 4395,2 млн. сому) пайдаланылды.

Экономикалык ишмердикке байланыштуу мамлекеттик тейлөөлөргө 1540,2 млн. сом жумшалды (8,6 пайыз), айлана чөйрөнү коргоого 73,5 млн. сом багытталды (0,4 пайыз).

Бюджеттик каражаттардын үлүшүнө бардык мамлекеттик бюджеттин чыгымдарынын көлөмүнүн 94 пайызы же 17288,2 млн. сому, атайын каражаттардын үлүшүнө 6 пайызы же 1168,3 млн. сому туура келди.

Бюджеттик каражаттарды пайдалануунун негизги багыттарынын 5808,5 млн. сому же 33,6 пайызы эмгек акыны төлөөгө, 4846,9 млн. сому (28 пайызы) социалдык жөлөкпулдарды төлөөгө жана 3719,9 млн. сому (21,5 пайызы) товарларды жана

тейлөөлөрдү пайдаланууга жумшалды. Мындан тышкары 1013,4 млн. сому (5,9 пайызы) башка чыгымдарга, 729,3 млн. (4,2 пайызы) пайыздарды төлөөгө, 691,6 млн. (4,0 пайызы) субсидияларды берүүгө, 441,6 млн. (2,6 пайызы) финансылык эмес активдерди сатып алууга, 37 млн. сому (0,2 пайызы) гранттарга сарпталды.[1]

**62-таблица: Январь-марттагы мамлекеттик бюджеттин чыгымдарынын түзүмү**

| | Млн. сом | | Жыйынтыкка карата | | ИДПга карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | пайыз менен | | | |
| | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 | 2012 | 2013 |
| **Чыгымдар** | **18350,9** | **18456,5** | **100** | **100** | **34,6** | **31,3** |
| **Операциялык ишмердикти ишке ашырууга кеткен чыгымдар** | **17740,9** | **17947,2** | **96,7** | **97,2** | **33,5** | **30,4** |
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | 2200,5 | 2173,0 | 12,0 | 11,8 | 4,2 | 3,7 |
| Коргоо, коомдук тартип жана коопсуздук | 2057,4 | 2222,2 | 11,2 | 12,0 | 3,9 | 3,8 |
| Экономикалык ишмердикке байланыштуу мамлекеттик тейлөөлөр | 1897,5 | 1540,2 | 10,3 | 8,3 | 3,6 | 2,6 |
| Айлана чөйрөнү коргоо | 81,2 | 73,5 | 0,4 | 0,4 | 0,2 | 0,1 |
| Турак жай жана коммуналдык тейлөөлөр | 755,3 | 735,6 | 4,1 | 4,0 | 1,4 | 1,2 |
| Саламаттыкты сактоо | 2253,9 | 2184,2 | 12,3 | 11,8 | 4,3 | 3,7 |
| Эс алуу, маданият жана дин | 469,7 | 436,6 | 2,6 | 2,4 | 0,9 | 0,7 |
| Билим берүү | 3728,6 | 3664,7 | 20,3 | 19,9 | 7,0 | 6,2 |
| Социалдык коргоо | 4296,8 | 4917,1 | 23,4 | 26,6 | 8,1 | 8,3 |
| **Финансылык эмес активдерди сатып алууга кеткен чыгымдар** | **609,9** | **509,4** | **3,3** | **2,8** | **1,2** | **0,9** |
| **Операциялык ишмердиктен алынган акча каражаттарынын таза келүү агымы** | **-423,5** | **3544,1** | **100** | **100** | **-0,8** | **6,0** |
| Финансылык эмес активдерге салымдарды киргизүүнүн натыйжасында акча каражаттарынын таза кетүү агымы | 523,1 | 486,6 | - | - | 1,0 | 0,8 |
| **Акча каражаттарынын тартыштыгы (-), профицити** | **-946,7** | **3057,6** | **100** | **100** | **-1,8** | **5,2** |

*Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү* (финансылык эмес активдерди сатуудан алынган каражаттарды кошкондо) ү.ж. I кварталында 18844,2 млн. сом суммасында аткарылып, өткөн жылдын I кварталына карата 23,1 пайызга же 3530,5 млн. сомго көп болду. Жалпы кирешенин суммасында 69,9 пайызды же 13161,6 млн. сомду салыктык түшүүлөр, 15,4 пайызды же 2907 млн. - салык эмес төлөөлөр, 14,7 пайызды же 2775 млн. сомду расмий трансферттер түздү.

